## Мектеп парламентинин 2021-2022 окуу жылындагы аткарган иштеринин жыйынтыгы

Мектепте « Келечек» парламенти көп жылдан бери иш жүргүзөт. Анын ичинде 8-11-класстардын окуучулары иш алып барышат. Окуу жылдын башында парламенттин паспорту жана жылдык планы түзүлөт. Мектеп парламенти тарабынан ар бир майрамдарга карата конкурс, концерттер, акциялар өткөрүлөт.

«Келечек » өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары , мектеп уюштуруучусу тарабынан түзүлгөн пландарга ылайык иш жүргүзүшөт.

«Келечек» өзүн-өзү башкаруу уюмунун президенти Деркембаева Азема 10-Г класстын окуучусу парламенттин мүчөлөрү менен ар бир айда аткарыла турган иштердин мазмунун талкуулашат. Ошондой эле мектеп парламенти тарабынан окуучулардын келип-кетүүсү, сабакка,коомдук иштерге катышуусу, мектеп формасын кийиши такай көзөмөлгө алынып турат.

«Келечек » өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрүнүн ар бир айдагы иштөөсүнүн багыттары:

Сентябрь: Тарбиялоо процессинде педагогдун ролу

Октябрь: Жарандык тарбиялоо

Ноябрь: Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо

Декабрь: Эстетикалык тарбиялоо.

Январь: Көп маданияттуулукка тарбиялоо.

Февраль: Мекенчилдикке тарбиялоо

Март: Адеп-ахлактык тарбия

Апрель :Эмгекке тарбиялоо.

Май: Баланы, өспүрүмдү, кыз баланы, жаш адамды, жаштарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу.

**№7 жалпы орто билим берүү мектебинин «КЕЛЕЧЕК » өзүн-өзү башкаруу окуучулар уюму**

## ПРЕЗИДЕНТ

**Деркембаева Азема 10-Г**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ПРЕМЬЕР –МИНИСТР** Жоробаева Арина | **БИЛИМ МИНИСТРЛИГИ** Жамгырчиева Гулдана | **МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ** Калилова Умай | **ЭКОЛОГИЯ МИНИСТРЛИГИ** Маликова Асель | **ДЕН СООЛУК МИНИСТРЛИГИ** Махмудова Мадина | **ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ** Акылбеков Адилет | **СПОРТ МИНИСТРЛИГИ** Карагулов Сүймөнкул | **Редколлегия** Нурлан кызы Жылдыз |

Мындан тышкары:

**Сентябрь айында:**

Башталгыч класстарда жолдо жүрүү эрежелеринин жумалыгы өткөрүлүп, мектеп парламентинин мүчөлөрү тарабынан 3-Б классында “Жолдо сак бол! Эрежеге так бол!”деген ураан менен окуучуларга түшүндүрүү жана аңгемелешүү иштерин өткөрүштү.

“Тамеки ден-соолукка зыян”,”Насвай” темаларында 8-11 класстардын окуучуларына чакан диспуттар өтүлүп, мектеп ичинде түшүндүрүү иштери, насвайдын,тамекинин зыяндуулугу боюнча кинотасмалар көрсөтүлдү.

**Октябрь айында:**

“Балдардын укугу тууралуу Конвенция” боюнча 5-6 класстарга түшүндүрүү брошюраларды таратышты. Мында балдардын укугу тууралуу түшүнүк берилди.

“Мугалим-мөмөлүү дарак” майрамына карата дублер күнү,майрамдык концерттер өткөрүлдү.

“Карылар күнүнө” карата кары адамдардын үйлөрүнө барып, жолугушуулар өткөрүлдү .
“Тимурчулар командасы” менен карылардын үйлөрүн кыдырып,социалдык пакеттерди таратып беришти.

“Атын күз”,”Күз берекеси” дасторкону жайылып,”Күзгү бал” конкурстарын мектеп администрациясы менен биргеликте өткөрүштү.

Дубал газеталар илинип,”Күзгү боектор” деп аталган көргөзмө уюшулду.

Көргөзмөдө түрлүү жалбырактардан жасалган буюмдар ,сүрөттөр коюлду.

**Ноябрь айында:**

Мындан тышкары ар бир жума сайын кыздар кеңеши,балдар кеңеши,өзүн-өзү башкаруу уюмдарынын жыйналыштары өтүлүп турду.

Соц.педагог,ИДН,өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү, класс жетекчи,ата-энелер комитети, администрация тарабынан “Үй-бүлө”,”Өспүрүм” рейддери жүргүзүлдү.

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга арноо концерти берилди.Башталгыч класстарда “Китеп- биздин досубуз” класстык сааттары өтүлүп,окуу китептеринин сакталышы, колдонулушу,сыртталышы

текшерилип, жыйынтыгы мектеп администрациясы менен биргеликте чыгарылды.

**Декабрь айы боюнча:**

Башталгыч класстарда “Атам,апам жана мен” спорттук мелдештер өткөрүлдү.

Мектептин кыргыз тилчи мугалимдери менен биргеликте 6-класста , 7-класста Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата “Кыргыздын өчпөс жылдызы” аттуу жумалык өткөрүлдү.

Жумалыкта чыгармаларынан көркөм окуу,үзүндүлөрдү аткаруу конкурсу,Айтматовдук окуу, дубал газеталар, чыгармаларынан иллюстрациялар,сүрөттөр,рефераттар,дил баяндар конкурстары өткөрүлдү.

“СПИД жана аны алдын алуу” темасында мед. кызматкерлери, кл.жетекчилери , 8-11-класстардын окуучуларынын катышуусу менен диспут,тарбиялык сааттар өтүлүп жана түшүндүрүү брошюралары окуучуларга таратылды.

**Январь айында:**

Окуучулардын жүрүш турушу, тартиби боюнча “Өзүн алып жүрүү маданияты” темасында лекция сабагы парламенттин мүчөлөрү тарабынан өткөрүлдү.

**Февраль айында:**

Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Афган, Баткен согушунун ветерандары менен жолугушуу кечеси өткөрүлүп, 10-11-классынын окуучулары аскердик даярдыктары боюнча конкурс өткөрүштү.

Башталгыч класстар арасында “Мен Ата Мекенимди сүйөм!” темасында сүрөттөр конкурсу,

6-8-класстар арасында “Мектеп мырзасы”, 9-11-класстар арасында

“Күчтүүлөр, кайраттулар, шамдагайлар” спорттук мелдештерди мектеп администрациясы менен биргеликте өткөрүлдү.

**Март айында:**

5-март Ак калпак күнү, Кыргыз Республикасынын  Гербинин, Туусунун күнү белгиленип, мектеп администрациясы менен биргеликте өткөрүлдү.

“Нооруз “майрамына карата концерттик майрам уюштурулуп, кыргыздын улуттук ырлары,бийлери, каада-салттары, тамак-аштары көрсөтүлүп, мектеп окуучулары ата-энелерге майрам тартуулашты.

Мектеп  парламентинин  президенти:                                        Деркембаева  А.